# БААУда (АУЦА) ЭЛЕТ ЖАШТАРЫ ҮЧҮН ЖАҢЫ МУУН АКАДЕМИЯСЫ АЧЫЛДЫ

**Борбор Азиядагы Америка университетинде элет жаштары үчүн Жаңы муун академиясы ачылып, анда жыл сайын өлкө аймактарынан 70 мектеп бүтүрүүчүсү бекер билим алмай болду. Бул тууралуу БААУнун (АУЦА) Жаңы муун академиясынын директору Жаннат Хетрикке кайрылган элек.**



## Академияда жылына 70 бүтүрүүчү бекер билим алат

***– Жаннат айым, БААУнун алдында уюшулган Жаңы муун академиясын түзүү идеясы кандайча пайда болду, башкы максаты эмнеде?***

– Жаңы муун академиясын (*мындан ары ЖМА*) түзүү идеясы БААУнун президенти Эндрю Вахтелге жана демөөрчүлөргө таандык. ЖМА Борбор Азиядагы Америка университетинин алдындагы бир жылдык даярдоо программасын окутат. БААУнун алдында мектеп бүтүрүүчүлөрүн жогорку окуу жайларына даярдайт. Академиянын башкы максаты – Кыргызстандын бардык облустарындагы мектеп бүтүрүүчүлөрүн жогорку билимге ээ болуусуна көмөктөшүү болуп саналат. Республикабыздын жогорку окуу жайларына тапшырууда алыскы райондордун бүтүрүүчүлөрү борборубуздун бүтүрүүчүлөрүнө тең келе албашы мүмкүн. Ага себептер көп. Негизги эки себеп, алардын орто мектепте начар билим алышы же материалдык жактан кыйынчылыктар болуп эсептелет. Ошондуктан БААУ университетке бүтүрүүчүлөр үчүн атайын бир жылдык алдын ала даярдоочу Жаңы муун академиясын уюштурган.

***– ЖМАга ким көмөк көрсөтөт?***

– ЖМАга демөөрчү катары МИНА корпорациясы 70 стипендия ЖМАда окугандар үчүн, 15 стипендия БААУ (АУЦА) окуу мезгилинде төлөп турат. Стипендиянын ичине окуу үчүн чыгымдары, жатаканадагы жашоо, үч маал тамагы кошо кирет. Академияда окугандардын көбү алыскы райондордон болгондуктан, ата-энесинин алыстыгын эске алып, мыкты шарттар түзүлгөн.

***– Мектеп бүтүрүүчүлөрү кандай негизде тандалып алынат?***

– Негизги эки багыт эске алынат. Талапкерлердин үй-бүлөсүнүн материалдык абалы жана жогорку академиялык мүмкүнчүлүгү. Конкурсанттар бир топ документтерди тапшырышат (*тизмелерди биздин* ***www.auca.kg*** *сайтыбыздан табууга болот*). Жат жазуу сунуштамалар, арыз бланкаларын толтуруу, диплом жана грамоталардын көчүрмөлөрү. Экинчи турда жарым финалисттер англис тили боюнча тесттен жана аңгемелешүүдөн өтүшөт. Жогоркулардын негизинде мыктылары тандалып алынат. Бизди айрыкча окууда мыкты ийгиликтерди камсыз кылган, коомдук иште активдүүлүгүн көрсөткөн спортчу жана чыгармачыл балдар кызыктырат.

11-класска өткөн окуучуларына ЖМАнын келерки жылдагы стипендиясын сынакта жеңип алууга активдүү катышкыла деп кайрылып кетмекчимин. 2013-14-окуу жылына карата жаңы билдирмелерди күтөбүз.

***– Ошондо аймактардан жыл сайын канча бала кабыл алынат?***

– Жыл сайын бир жылдык окууга тамак-ашы, жатаканасы, окуусунун чыгымына 70 стипендия бөлүнөт. Финалисттер республиканын бардык райондорунан бирдей тандалып алынат. Тилекке каршы, быйыл КРнын кээ бир аймактары катыша алган жок. Талас, Жалал-Абад, Ош облустарынан сынакка аз окуучу катышты. Баткен, Ысык-Көл, Нарын, Чүй облустарынан эң мыкты талапкерлер тандалып алынды.

***– Жыл ичинде алар эмнелерди окушат?***

– ЖМАнын окуу программасында англис, орус, кыргыз тилдеринен жана математика, эстетикалык билимдерге тарых жана компьютердик сабатсыздыкты жоюуга көп көңүл бөлүнөт. Негизги багыт аналитикалык ой жүгүртүүгө, карым-катнаш, байланыш маселелерин чечүүгө, машыгууга бөлүнөт. ЖМА алдында угуучуларды жогорку окуу жайга окууга даярдоо багытында иштейт.

***– Алыскы райондордогу орто мектептерде билим берүү ушунчалык төмөнбү? Университетке тапшыра алышпайбы?***

– Тилекке каршы, толук орто билим берүүгө азыркы күндө мектептерде материалдык-техникалык базалардын начардыгы, жогорку квалификациялуу предметтик мугалимдердин жетишсиздиги, социал-экономикалык абалдын оордугу негизги маселе болуп келүүдө. Бүгүнкү билим берүү системасынын алдындагы кээ бир кемчиликтер ушулар. Биз айылдык мектептен бүткөн балдарды жогорку окуу жайына тапшырууга бирдей мүмкүнчүлүк, шарт түзүп беребиз.

***– Алар окууну бүткөндөн кийин БААУга окууну каалайбы же финансылык көмөккө ишенеби?***

– ЖМАны аяктагандан кийин бүтүрүүчү БААУга же каалаган башка жогорку окуу жайларына тапшырууга мүмкүнчүлүк алат. Кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшыргандар БААУга кабыл алынат. 15 эң мыкты ЖМАны аяктагандар 4 жыл бою билим алуу үчүн грант ала алышат. Ал эми калгандар болсо, финансылык жардам алууга, ЖМАны бүткөндүгү боюнча сертификат жана үй-бүлөсүнүн финансылык абалы боюнча документтерди көрсөтүп билдирмелер-ди беришет.

## "Окуумду БААУда улантсам дейм"



– Атым Мирлан. Нарын шаарынын №8-мектебин аяктадым. БААУда жаңы ачылган Жаңы муун академиясы жөнүндө мектебибиздин директору маалымат берген. Ошондо эле кызыгып, документтеримди чогултуп, тапшыргам. Документтерим кабыл алынып, экинчи турда тестти да ийгиликтүү тапшырдым. Тесттин жыйынтыгын билгенге чейин мен аябай үмүт кылып, Жаратканга жалынып жүрдүм. Биздикиндей үй-бүлөгө бул долбоор чоң эле жардам. Биз 3 бир тууганбыз. Эрте эле ата-энебизден айрылып, туугандарыбыздын колунда чоңойдук. Андыктан окуу жайына тапшыруу бул мен үчүн жөн эле тилек болчу. Буюрса, бул академиядан кийин БААУда окуумду улантып, көптөгөн ийгиликтерге жетишсем дейм.

## "ЖМАга өткөнүм – жашоомдогу эң чоң белек"



– Менин атым Резеда, Ош шаарындагы №4-Киров атындагы мектепти окуп бүтүрдүм. Жаңы муун академиясы жөнүндө мектептин президентинен (*ал дагы окуучу*) билдим. Жыйын өткөргөн. Мен курбуларым менен аябай кызыгып, биз-ге келечекке чоң жол ачылды деп документтерибизди топтоп баштадык. ЮНИСЕФ жаштар борборунан анкета алып толтурдук. Тест тапшырып, өтүп кеттим. Кичинемден эле англис тилине кызыккан үчүн кыйын деле болгон жок. Менин үй-бүлөм 4 кишиден турат, апам мектепте мугалим болуп иштейт, атам жумушсуз, кичинекей синдим бар. Менин максатым – келечекте дипломат болуу. Мен академияга өтүп калганымды өмүрдүн мага эң чоң белеги деп эсептейм.